# МАНАСЧЫЛЫКТАГЫ ШАКИРТТИК МЕЗГИЛ: КӨЗ КАРАШТАР ЖАНА ДАЛИЛДЕР

**АБАКИРОВ КУРМАНБЕК**
*ф.и.к., доцент, Ж.Баласагын атындагы КУУ*

Адам кайсы өнөргө шык-жөндөмдүү болуп төрөлүп, анын канында (генинде) ошол өнөргө болгон дараметтин кандай өчпөс күч-кубаты жатпасын бул фактор анын гениалдуу, залкар чыгармачыл инсанга айланышына жетишсиз болуп чыгат. Кыргыздар айткандай, ошол «дээринде бар» адам тигил же бул өнөрдүн туу чокусуна жеткенге дейре турмуштан, айлана-чөйрөдөн толгон-токой сабак алып, коомдук тарбиядан өткөрүлөт, өнөр жолуна түшкөн адам ошол өнөрдүн өзүнө чейинки жана өз мезгилиндеги жетишкендиктерин өзүнө сиңирбей коө албайт. Мунсуз ал арабөк калышы ыктымал. Ушул сыңары бардык манасчылар дээринен канчалык таланттуу болбосун ырчылар, чечендер, куудулдар, саяпкерлер, комузчулар, уздар, усталар (ж.б.) сыяктуу эле шакирттик-үйрөнчүк куракты баштан кечиришкен.

Манасизилдөөчүлөр манасчылардын көпчүлүгү эпосту тигил же бул манасчыдан үйрөнгөнүн жарыя кылууну анчейин жактыра бербестигин, бирок бирде болбосо бирде бул фактыны моюнга алышкандыгын адилет белгилеп жүрүшөт. Бул маселеге кезегинде К.Рахматуллин, Б.Юнусалиев, К.Кудайбергенов, Р.Кыдырбаева, М.Ауэзов, В.Жирмунский, С.Мусаев, М.Мамбетакун, Т.Бакчиев өңдүү окумуштуулар кайрылып, ар кимиси анын кайсы бир жагына көбүрөөк, кайсы бир жагына тезисттик формада кайрылышкан. **Манасчылыктын спецификасы, анын башка ырчылардан өзгөчөлүктөрү, манасчылардын даража-түрлөрү жана мектептери, манасчылыктагы түш көрүү (дааруу) көрүнүшү сыяктуу маселелер ушул «үйрөнүү» же шакирттик деп аталган маселе менен бирдикте каралган учурлар арбын.** Манасчылыктагы устат-шакирт проблемасы алигүнчө өзүнчө жана кеңири иликтене электиги булардын маанисин жокко чыгарбайт.

Башкаларга караганда бул маселеге кыйла кеңири жана терең кайрылган чыгаан манастаануучу **С.Мусаев:** «Түпкү мазмуну, касиети жактан бири-бирине жакын турганы менен акын-ырчы жана манасчы бир эмес, ар бири өзүнчө касиет», - деп аларды ыр жаратуу жөндөмү жакындаштырып турганы менен лирикалык майда чыгармаларды жараткан акын-ырчылардан айырмаланып манасчылар зор масштабдуу, татаал сюжеттүү эпикалык чыгармаларды түзүү, өнүктүрүү жөндөмүнө ээ экендигин, бул «формалык эмес, сапаттык белги» болорун көрсөтөт (1, 134-б.). Бул пикирдин башаты М.Ауэзовдун «Киргизская народная героическая поэма «Манас» аттуу эмгегинде экендигин эске ала кетүү керек. Формалык белгилер деп С.Мусаев манасчынын жаңы чыгарма жаратпастан, даяр сюжетти так сактоо, өздөштүрүү жана өз табылгалары менен байытуусун (1) жана ушундан улам башка манасчылардан үйрөнүүсүн эсептейт (2). Бирок анығына келгенде бул эки формалык белги бир эле процесс, бир бүтүн көрүнүш болуп эсептелет. Манасчы эпостун салттуу формаларын өздөштүрүп жатып үйрөнөт, үйрөнүп жатып аны өздөштүрөт. Башкача болушу мүмкүн эмес. Демек, бул жерде окумуштуу бир бүтүн нерсени күчтөп экиге ажыратып койгон сыяктанат. Ал эми С.Мусаевдин «таанылган манасчынын чыгармачылыгы эки компоненттен – салттык көрүнүштөрдөн жана анын өз жеке табылгаларынан турат» деген бүтүмү (1, 135-б.) талаш жаратпаганы менен ошол «табылгалар» калыпташып бүткөн, В.Радлов айткандай «элдин аң-сезиминде бүкүлү бир чыгарма катары жашап калган» эпос үчүн зарылбы, алардын пайда-зыяны канчалык деген маселе козголбойт.

Ошентип, манасчы болуп калышынын себебин түш көрүп, аян алууга байланыштырышканы менен бардык манасчылар үйрөнчүк мезгилди баштан өткөрүшкөн. Бул процесс чала манасчылар менен чоң жомокчуларга бирдей тиешелүү болуп, алардын кимиси кандай даражага жеткендиги табият берген талантына, жекече аракет-изденүүсүнө

жана эстутумунун күч-кубатына байланыштуу болсо керек. Манасчылардын алпы аталган Тыныбек Жапый уулу кезегинде Чоңбаш, Акылбек, Келдибек, Балык, Назар сындуу чоң манасчылардан таалим алып, алардын ичинен Чоңбашка өзгөчө таазим кылгандыгы белгилүү болсо, атагы чыккандан кийин андан Сагымбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Касымбай, Байбагыш, Кожоберди, Доңузбай, Жакып, Эшмат, Жусубакун өңдүү белгилүү манасчылар залкар эпостун бүткүл турпатын жана аны айтуунун сырларын үйрөнүшкөн (2, 10-11-б.). Кытайлык кыргыздардын белгилүү манасчысы Эшматтын: «…Жүсүбакун Апай, Сагымбай Орозбак, мен Эшмат үчөөбүз – жомок үйрөнөбүз деп Жапыйдын уулу Тыныбектин балтасын чаап, жылкысын багып, калтасын кагып, төрт жыл жүрдүк», - дегени ойдон чыгарылбаганы анык болсо (3, 12-б.), А.Осмонов Гомерге теңештирген Сагымбай манасчы да эпосту үйрөнүүнүн узак жана түйшүгү мол машакатынан сыртта калган эмес. Демек, «Манасты» үйрөнүү дегендин өзү аны көздүн карегиндей сактап, улам кийинки муундарга өткөрүп берүү салты экендигин, мындай мураскердик болбосо эпостун сакталып, өнүгүп-өрчүшү мүмкүн эместигин түшүндүрөт. Тыныбектен, агасы Алишерден, Чоңбаштан, Келдибектен, Найманбайдан, Балыктан үлгү алып, катаал сыноолордон өткөн Сагымбайды Ы.Абдрахманов, Тоголок Молдо, Шапак жана Акмат Рысмендеевдер, М.Мусулманкуловдор устат катары санашса, Тыныбектин дагы бир шакирти Доңузбайдан Мамбет Чокморов менен Байбагыш таалим алышкан.

**К.Рахматуллин** «Манасты» өздөштүрүп, үйрөнүү тууралуу буларды жазган эле: «Бардык айтуучулар «Манасты» аткаруудан мурда башка айтуучулардын эпос аткарганын угуп, анын мазмунун үйрөнүп, аткаруудагы көркөм ыктарын өздөштүргөн. Бирок бул өздөштүрүү бүткүл текстти жаттап алуу дегендикке жатпайт, анткени…варианттардын ар бири өз алдынча турган чыгарма…» (4, 90-б.). Чыгарманын дээрлик бардык варианттарына мүнөздүү болгон туруктуу сюжеттик линияларды, эпикалык орчундуу формулаларды гана эсинде сактап, калганын төкмөлүк дараметине жараша ар кандай деңгелде эркин айтышкан таланттуу манасчылар гана «вариант» дегенге жарамдуу эпосту айта алышкан. Бир эле манасчыдан таалим алып, ага байланып калган чоң манасчылар дээрлик жок. Алардын өзгөчө таланттуулары бул мухиттей чалкыган чыгарманы бир эле айтуучудан үйрөнүп, ошону менен чектелип калуу болбостугун туура түшүнүшкөн да, алардын ар биринин ар башка артыкчылыгын алып калууга умтулушкан. Салттуу сюжетте жок эпизод же деталь ошол таалим берген манасчыда кыска же үстүрт айтылса, аны таланттуу шакирти кеңейтип, тереңдетип айтып, натыйжада башка варианттардан айырмалуулук арбып кетиши толук ыктымал болчу. Ушундай себептердин өзү манасчылыктагы мектептердин келип чыгышын шарттаган десек да болот. Буга Сагымбай, Шапак, Багыш, Тоголок Молдо, Молдобасандын варианттары өзүнчө, Саякбай, Мамбет, Дункана, Шаабайдын варианттары өзүнчө топту түзүп, бири-бирине жакын турары мисал болот. Аймактык жактан чектеп коюуга болбосо да, шакирттик доор көбүнэсе жомокчулук бир-эки мектептин алкагында өткөндүгү, же бир мектептин эпикалык таалим-тарбиясы басымдуулук кылганы талашсыз.

**Академик Б.М.Юнусалиев** да «Манасты» терең билген илимпоз катары бул маселени көңүл сыртында калтыра алган эмес. Ал: «көп окуялуу, татаал сюжеттүү, өтө көлөмдүү чыгарманы өздөштүрүү процессинде жомокчу түш көрсө да, көрбөсө да, **эпосту эч кимден укпай, эч бир ырчылык таланты болбой туруп «Манас» эпосун айткан эмес…** Демек, чоң манасчы болуу үчүн бир гана чыгармачылык шык, талант жетишсиз экен, анын үстүнө чоң манасчылар «мектебинен» өтүп, таалим-тарбия, тажырыйба алыш керек экен… Мында, албетте, сөзмө-сөз жаттап алуу жөнүндө сөз кылып отурганыбыз жок, мынчалык көлөмдү чыгарманы сөзмө-сөз жаттап алуу мүмкүн да эмес», - деп жазат да (5, 154-б.), андан ары оюн мындайча улантат: **«болочок жомокчу өзүнөн мурункулардан үйрөнүп ала турган элементтер, биздин оюбузча, төмөнкүлөр:** а) ар бир окуянын мотиви (мотивдери), өнүгүш сюжети; б) бир окуяны (эпизодду) экинчи окуя менен байланыштыруу ыкмалары; в) эпостук баатырлардын толук биографиясы; г) персонаждардын ар түрдүү шарттардагы (жай турмушта, согушта ж.б.) портреттери; д)

окуяга катышуучу жаныбарлардын, урунуучу жоо-жарактардын, кийим-кечектердин, буюмдардын жалпы сүрөттөрү; е) каармандардын туулуп-өскөн же жүргөн жерлеринин көрүнүштөрү (сүрөттөрү); ж) каармандарга жана алардын минген аттарына жана урунган буюмдарына берилүүчү туруктуу эпитеттер; з) негизги монологдордун мазмуну; и) эпоско таандык музыка; к) айрым эпизоддорду аткарыш манерасы (мимика, жестикуляция ж.б.). Бул элементтердин өзү гана, албетте, поэма эмес, бирок анын скелетин түзөт. Ар бир жомокчу, өзүнүн чыгармачылык талантына жараша, ушул жансыз скелетке булчуң толтуруп, кан жүргүзүп, жан берет. Ошентип, ырчылык касиет аркылуу жансыз сюжет укса кулак кандырган укмуштуу поэмага айландырылат (5, 154-б.). Шакирттиктин жана манасчылыктагы төкмө ырчылыктын табияты менен жол-жобосун мындан артык ачып берүү кыйын. Б.Юнусалиев, балким, болочок жомокчу үйрөнүүчү эпикалык элементтерди майдалап, өтө деталдаштырып жибергендей көрүнүшү ыктымал. Бирок залкар илимпоз маселенин күрөө тамырын таамай кармап, анын маңызын ынанымдуу ачып бергендигин танууга болбойт.

Кыскасы, дасыккан манасчылардан таалим албаган манасчы болушу күмөндүү десек болот. **Саякбай:** «Белек, Дыйканбай, Чоюке манасчыларды аркалап…, үч-төрт жылдап такай ээрчип үйрөнө айтуум менен манасчы атыккам» деп өзү эскерсе, Шапак Рысмендеев Найманбай, Балык, Акылбек, Тыныбек, Сагымбайдын мектебинен өтсө, чоң манасчылардын акыркыларынын бири Шаабай Азизов Саякбай, Мамбет Чокморов, М.Мусулманкулов өңдүү залкар манасчылардан таалим алат. Мындай мисалдарды белгилүү манасчылардын ар бирине байланыштуу узарта беришке болот. Ошентип, **С.Мусаев** жазгандай: «эпостун салттык көрүнүшкө жата турган белгилери да эң алды менен чыгармачыл инсан тарабынан кабыл алынып, иштелип чыгып, аны чыгармачыл шыгына, жөндөмүнө ылайыкташат да, ошондон кийин гана анын жеке табылгалары менен жуурулушкан түрдө ага таандык манерада баяндалат» (1, 135-б.). Манастаануучулардын дыйканы **Р.Кыдырбаева** түш көрүүнүн өзүн да талапкер-манасчылардын өзүлөрүнөн тажрыйбалуу, белгилүү манасчылардан эпосту узак жана машакаттуу үйрөнүүсүнүн натыйжасы деп эсептеп: «Можно сказать, что сон - предтеча сказа; до этого шел накопительный период - осознанное, систематическое освоение мастерства предүественника…, это означало, что учеба окончена и настал активный период сказительства, период постепенной шлифовки мастерства», - деп жазат (6, 9-б.). Кызыктуу жана таасын мындай пикир башка жагдайлар менен бирдикте манасчылардын түш көрүп, аян алуусун ачыктаган бир себеп болуп эсептелет. Айтуучу мурунку традицияны ыйык сактаарын белгилеген Р.Кыдырбаева бул маселени өзүнүн «Сказительское мастертсво манасчи» аттуу салмактуу эмгегинде кеңири талдоого алып, төмөнкүдөй бүтүм чыгарат: **«…сказительская преемственность манасчи реализуется через усвоение в первую очередь сюжетный формулы, а формула есть окаменевшая печать времени, печать, даяюүая право на дальнейшую жизнь эпоса. …Формула – это «код» прочности, стабильности и залог сохранности эпоса»** (6, 96-б.). Манасчылардын бардыгынын үйрөнчүк – шакирттик мезгили эпостун так мына ушул «коду» болгон сюжеттик формуласын өздөштүрүү, аны жадында бекем кармап, жетекчиликке алуу милдетин аркалап, андан ары түркүн алымча-кошумчалар менен өмүр бою улантылып, чыгарманын поэтикасын жана аткаруу чеберчилигин өрчүтүү иши менен коштолгон.

Түш көрүп, аян алуу менен манасчынын чоң жомокту айтууга болгон даярдыгы бышып жетилет деген Р.Кыдырбаеванын бүтүмүн өзүнүкүндөй кайталаган **Т.Бакчиев** да устат-шакирт маселесине кайрылып, аны да өзүнө жакын арбактар дүйнөсү менен байланышта иликтейт. Ал: «Устаттын устаттыгы, шакирттик баскычтан ийгиликтүү өтүп, чыгармачылык тажрыйбасы бийик денгелде өсүп жеткенде, өнөрдүн негизги принциптерин, сырларын өздөштүргөндө гана билинет», - (7, 69-б.) деп устат-шакирт маселеси тууралуу бир катар алгылыктуу пикирлерин ортого салат да, бул жерде да арбактарды айланып өтө албай буларды белгилейт: **«Жомокчулардын дээрлик көпчүлүгү бул өнөргө өздөрү келет. Тактап айтканда, кудай, арбактын дааруусу**

**аркылуу…** ал өнөргө үндөө, ынандыруу жана моюн сундуруу иш-аракетин устат-жомокчу жүргүзөт. …Жомокчунун өмүрүндөгү ээлеген орду жөнүндө кеңири маалыматты устат берет. …Мындан тышкары, кандай эл катмарына жана жомокчунун кайсы куракта, кайсы окуясын, кайсы мезгилде айтуу керектигин устат эскертип турган» (7, 71-72-б.). Көрүнүп тургандай Т.Бакчиев устат-шакирт маселесин бир жактуу жана примитивдүү түшүнөт. Манасчынын арбак тарабынан тандалып алынышы деген абсурд пикирди ушул жерге да жабыштырып, устат шакиртине кайсы куракта, кайсы мезгилде, кайсы элге эмнени айтыш керектигин үйрөтүү менен чектелет, калганын эчак эле арбактар үйрөтүп койгон дегендей ой жаратат. Анын оюнда манасчыны кудай, арбактар тандап алса эле болду, анын ырчылык жөндөмү, кыял чабыты жана шакирттик доору андан кийинки орундарда турат.

**1.** Ошентип, болочок манасчынын «Манас» дүйнөсүнө башбактагандан тартып өз мезгилиндеги тажрыйбалуу кесиптештеринен таалим алуусу негизинен эки ири компонентти өз ичине камтыйт: 1). Кылымдар бою айтылып келген эпостун салттуу сюжетин, урунттуу эпикалык формулаларын толук өздөштүрүп, эсинде сактоосу; 2). Эпосто аткаруунуну техникасын өздөштүрүү. Буга эпостун идеялык пафосу боюнча бири-биринен айырмаланган эпизоддорун, диалогдорду, монологдорду жана автордук баяндоолорду аткаруунун өзгөчөлүктөрү, үндүн дикциясын тарбиялоо, речитациялык чеберчилик, публиканын маанайын мыктылап өздөштүрүү, ага ыңгайлашуу сыяктуу иштер кирет, б.а. манасчы бир эле учурда актердук, обончулук өнөрлөрдүн сырларын үйрөнөт.

**2.** Муну менен эле манасчылыктын чеберчилигин өздөштүрүү этабы аягына чыгып калбайт да, бул кадырлуу кесиптин артынан түшкөн адам өмүр бою өзүн өзү тарбиялап, үйрөнүп, изденип, өзүн өзү такшалтып жүрүп отурат. Бардык өнөрлөрдөй эле үйрөнүү жана изденүү бул жерде удаалаш жүрөт. Даяр абалында залкар манасчы жаралбайт, жогоркудай шакирттик доордон өтпөгөн, үйрөнүп, изденбеген манасчы болбойт.

**3.** Мыкты устат-манасчы өзүнүн шакирттеринин талантынын өркүндөшүнө эбегейсиз зор салым кошот, андай устатка туш болбогон жаш манасчынын ал канчалык таланттуу болбосун, манасчылыктын туу чокусуна жетиши күмөндүү болуп калат.

**4.** «Манас» айткандардын баары эле устат даражасына көтөрүлө алышпаган. Алардын ичинен элдин жогорку баасына арзып, аңыз кепке айлангандары, чоң жомокчулар гана манасчылыкта чыныгы устаттык даражага жетишкен жана таалимин алуу үчүн келген ынтызар айтуучулардын катары арбын болсо, алардын даңазасы ого бетер арткан.

**5.** Шакирт болуунун өзү изденүү дегенди түшүндүрөт. Өзүнүн айтуучулук өнөрү али жеткилең эместигин, залкар эпосту али терең биле электигин туюп-билген айтуучу гана өзүнө устат издеп, алардын бири эмес бир канчасынан таалим алуунун зарылдыгын түшүнгөн. Мунун өзү манасчылык өнөр тынымсыз эволюция процессинде болгондугун, ансыз ал өнөр суу жетпеген дарактай куурап, ошол чыгарманын өзү менен бирге акырындап жок болмок дегенди билдирет. Фольклордо чыгарма менен анын мыкты аткаруучусу эриш-аркак өмүр сүрүп, өркүндөй алат, алар бири-бирисиз жашай албайт деген теориянын чындыгы ушундай себептерден улам шексиз болуп чыгат.

**6.** Ал эми жомокчу-манасчыны «кудай-арбак даарып, тандап алат» деген мистикалык көз караштын өзү илимге жанашпайт да, манасчынын дээринен күчтүү төкмөлүгү, чыгармачылык изденүүсү жана устаттардан таалим-тарбия алуусу өңдүү табыгий чыгармачылык процесстердин өзүн, алардын эволюциялык мүнөзүн жокко чыгарууга алып келет. Теориялык да фактылык да негизи жок «көзү ачыктык» мындай ой-жоруулар «Манастын» өзүнүн да, жомокчу-манасчылыктын да элдүүлүгүн танып, түпкүлүгү аларды жасалма теорияларга баш ийдирүү максатын көздөйт.

**Адабияттар**

1. Мусаев С. Манасчылар. – Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. «Манас» жана манасчылар. II том. А.Акматалиевдин жалпы ред. астында. – 2-бас. – Б., 2004.
2. Тыныбеков А. Тыныбектин тарыхы. – Китепте: Жапый уулу Тыныбек. «Манас», «Семетей». А.Заркуновдун жалпы ред. астында. – Б., 2014.
3. Жусуп Мамай. Мен «Манасты» кандай айтып калдым? – Китепте: «Манас» эпосу жөнүндө: илимий иликтөөлөр жана макалалар. Түзгөн К.Кырбашев. – Б., 1994.
4. Рахматуллин К. Творчество манасчи. – Китепте: «Манас» героический эпос кыргызского народа. – Ф., 1968.
5. Юнусалиев Б. Улуу эпос, укмуштуу манасчы. – Ала-Тоо, 1967, №1.
6. Кыдырбаева Р. Сказительское мастерство манасчи. – Ф., 1984.
7. Талант Аалыбек. Манастааным. Жомокчунун жолу. – Б., 2003.